
# Кырч-кырч-кырч!



Автор: Дава Лахму

Сүрөтчү: Самидха Гунджал

Которгон жана адаптациялаган: Карлыгач Байгазиевой

Сүрөттөрдү адаптациялаган: Элиза Атагулова

# Кырч-кырч-кырч!

Автор: Дава Лахму
Сүрөтчү: Самидха Гунджал
Которгон жана адаптациялаган: Карлыгач Байгазиевой
Сүрөттөрдү адаптациялаган: Элиза Атагулова

Кыргыз тилинде
Бишкек - 2021


Copyright © 2020, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Кырч-кырч-кырч!" (кыргыз тилинде), Карлыгач Байгазиева тарабынан которулуп адаптацияланган, сүрөттөрдү адаптациялаган Элиза Атагулова. Scratch, scratch, scratch! (англисче) чыгарманын негизинде, автору Dawa Lahmu (Дава Лахму), сүрөтчүсү
Samidha Gunjal (Самидха Гунджал), Pratham Books © 2017 CC BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/24828-scratch-scratch-scratch

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Ману мектептен кийин күн сайын “классик” ойнойт.

Ал секиргенче санай берди:

1, 2 жана 3

4, 5 жана 6

7, 8, 9 жана 10




Бирок бүгүн Манунун териси кычышып калыптыр.

Ал секирип жатып санады:

1, 2 жана 3 Кырч-кырч-кырч!

4, 5 жана 6 Кырч-кырч-кырч!

7, 8, 9 жана 10 Кырч-кырч-кырч!



Ал денесиндеги быжыраган бүдүрлөрдү көрдү.

Тикенекке окшош экен.

1, 2 жана 3 Курсагында!

4, 5 жана 6 Колунда!

7, 8, 9 жана 10 Далысында!



Денесин каптаган тикенектей бүдүрлөр кычыштырып жатты.

– Сага суу чечек чыгып ооруп калыптырсың. Эми мектепке барба, – деди ага Эмма.



Ману керебетке жатып алып тырманды: - Кырч-кырч-кырч!

– Тырманба! – деди Эмма.

– И-ий, анда ого бетер кычышып жатпайбы! – деди Ману.



Эмма менен Баба көрбөй калгандагы учурда - кырч-кырч-кырч!



Ману боткосун жеп жатып - кырч-кырч-кырч!

– Тырмаба! – деп Эмма менен Баба дагы айтышты.



Бирок ал керебетке жатканда кайрадан баштайт:

- Кырч- кырч-кырч!



Ману тырмабайын дейт, бирок кайта эле – кырч-кырч-кырч!

Ал керебетте чалкалап жатып алып  жылан сыяктуу соймолоңдоп, ооналактап жатты.



Ал кыялга батты. Кырч-кырч-кырчты унутуп калды.

Бүдүрлөр акырындап кете баштады. Ману санады:

10, 9 жана 8

7, 6 жана 5

4, 3, 2 жана 1



Бир күнү Ману көйнөгүн ачып караса, баягы бүдүрлөр жок!

Кычышпай калыптыр!

Эми Ману мектепке барса болот. Классик оюнун да ойной алат.



Ал секирип жатып санады:

1, 2 жана 3

4, 5 жана 6

7, 8, 9 жана 10

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Дава Лахму
Сүрөтчү: Самидха Гунджал
Которгон жана адаптациялаган: Карлыгач Байгазиевой
Сүрөттөрдү адаптациялаган: Элиза Атагулова

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- **2.1 деңгээли**
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли